АЛТЫН АМАН

# Төрт бурчтуу өлкө



АЛТЫН АМАН

# Төрт бурчтуу өлкө

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 61

Алтын Аман

А 61 «Төрт бурчтуу өлкө». – Б.: «Эль Элион», 2017. – 24 б.
ISBN 978-9967-28-384-8

*Сүрөтчү: Н.Ни*
*Редактор: Эльмира Көчүмкулова*

А 4803300100-17
ISBN 978-9967-28-384-8

УДК 821.51-93
ББК 83.8

© Алтын Аман, Н. Ни 2017

*Бул жомокту жашоого болгон бөтөнчө көз караштары туудурган тоскоолдуктарга карабай өз бактысын табууга умтулган адамдарга арнаймын.*



Төрт Бурчтуу Өлкө жөнүндө уктуңар беле? Жети жашар Есаль деген кыз ошол Төрт Бурчтуу Өлкөдө жети жыл мурун төрөлүптүр. Ал өзүнүн сүйүктүү апасына окшоп, төрт бурчтуу көк көйнөгүн кийип алып төрт бурчтуу өлкөдө жашачу экен.

Есаль өзүн курчап турган чөйрөгө кызыгып, аны изилдегенди жакшы көрчү экен. Анын айлана-чөйрөсү да өзгөчө экен: андагы нерселердин бардыгы көк түстүү жана төрт бурчтуу формада экен. Үйлөр, терезелер, отургучтар, төшөктөр, оюнчуктар, китептер, баштыкчалардын баары көкмөк жана төрт бурчтуу экен. Есаль төрт бурчтуу буюмдардын бурчуна уруна берип, «иий-ий, эмнеге баарынын эле бурчтары бар!» деп, кейип калар эле.

Күндөрдүн биринде, Есаль өзүнүн достору менен төрт бурчтуу короосунда ойноп жатканда, күтүлбөгөн жерден алардын төрт бурчтуу короосуна бир нерсе тоголонуп кирип келди.

Есаль жана анын достору ал укмуштуудай кызык нерсенин жанына чуркап келишти. Есаль ал нерсени абдан таңыркап карап:

*– Ааай-иий! Карагылачы! Бул нерсенин бир да бурчу жок экен! – деп, кыйкырып жиберди.*
*– Чынында эле жок экен. Бул эмне, ыя?!*

Ал нерсе кадимки эле тегерек болчу! Бир да бурчу жок – чо-о-о-о-о-оң, кыпкызыл болгон тегерек! Төрт Бурчтуу Өлкөнүн балдары өмүрүндө эч качан тегерек буюмду көрбөгөндүктөн, аларга бул нерсе укмуштай көрүндү. Балдар сагалап карап турган тегерек бир убакта шып этип тоголонуп жылып кетсе болобу! Есаль аны ээрчип артынан чуркап жөнөдү:
*– Достор! Жүргүлө, бурчтары жок төрт бурчтуктун артынан барабыз!*
*– Жок. Есаль, барба! Сен бул төрт бурчтуктун кайда барарын билбейсиң да. Карачы, кебетесин, бир да бурчу жок! Буга ишенүүгө болбойт!*



– Болот! Ишенсек болот! Карагылачы, кандай сонун! Абдан башкача! Бир да бурчу жок! – деп, Есаль Төрт Бурчтуу Өлкөнү жаңыртып кыйкырып жатты.

Балдарынын чурулдаганын уккан ата-энелер төрт бурчтуу терезелеринен башпагып карап, Есальдын бир тегерек нерсенин артынан кубалап кетип бара жатканын көрүштү. Есаль тегеректин артынан чуркап, өз өлкөсүнөн алыстаган сайын, анын үстүндө кийип жүргөн төрт бурчтуу көйнөгү бурчтарын жоготуп, өзгөрүп жатты. Есаль аны байкаган да жок, ал чуркаган бойдон Төрт Чарчы Өлкөсүнүн чегинен сыртка чыгып кетти.

Бир кезде, Чуркаган сайын төрт бурчтуу көйнөгүнүн бурчтары жоголуп, тегерек болуп баратканын байкаган Есаль көйнөгүнүн этегин кармап туруп калды. Ал эки-жакты карап, таптакыр башка өлкөгө келип калганын көрдү! Бул бурчсуз өлкө экен! Бул – Тегерек Өлкө экен!





Есаль Тегерек Өлкөдө тегерек аянтчада балдар тегерек кызыл оюнчактары менен ойноп жаткандарын көрүп:

*– Салам. Менин атым Есаль, – деди.*

*– Салам. Сен абдан башкача экенсиң! Кийген кийимиң тегерек эмес экен, анан түсү да кызыл эмес экен, – дешти балдар таңыркап.*

*– А силер болсо, бардыгыңар кызыл жана тегерек көйнөктөрдү кийип алыптырсыңар, бирок мага абдан жакты. Карагылачы, менин көйнөгүм да силердикиндей тегерек болуп калды.*

*– Ооба, сенин көйнөгүңдүн этеги биздикиндей экен. Кел, сага тегерек баш кийим беребиз, – анан сен да бизге окшоп каласың, баарыбыз чогуу ойнойбуз.*

*– Ж-о-о-о-к. Рахмат, бирок мен тегерек баш кийим кийгим келген жок. Кийимибиз ар кандай болсо деле чогуу ойной берсек болот да. Кайра кызыктуу болот!*

*– Ооба, туура айтасың. Кел, ойнойлу!*

Алар ойной баштаганда заматта эле күн күлдүрөп жамгыр жаап кирди. Бирок, балдар жамгырдан калкаланчу жер таппай калышты, себеби, ал жердеги үйлөрдүн баары тегерек болуп, үстүндө чатырлары да жок эле. Ошондуктан балдардын баары жамгырдан качып үйлөрүнө чуркап кирип кетишти, ал эми Есаль өзү жалгыз калып калды. Ал өзүнүн Төрт Бурчтуу Өлкөсүндөгү үйлөрдүн төрт бурчтуу чатырларын жана кум төгүлгөн төрт бурчтуу оюн аянтчаны мындагы жаңы таанышкан досторуна көрсөткүсү келди.

Есаль өзү жашаган Төрт Бурчтуу Өлкөсүн сагынып, көзүнө жаш тегеренип, эми ыйлайын деп турганда, баягы тегерек нерсе андан ары томолонуп, Есальды аны менен бирге сапарын улантууга чакырды.





Есаль нөшөрлөгөн жаанга карабай, ыйлаганын унутуп, тегеректин артынан кубанып чуркап жөнөдү.

Ал чуркап бара жатып көйнөгү жамгырдан суу болгон сайын түсүн жана көлөмүн өзгөртүп жатканын байкады. Башында өзүнүн көйнөгү төрт бурчтуу болсо, кийин ал тегерек болуп, көйнөгүнүн этеги эми башка – жашыл түскө айланып, чыптамасы да башкача болуп калды!



Есаль топусун чечип карап, таң калып:

*– Бул эмнеси?! Деги эмне болуп жатат?! Бул төрт бурчтуу да, тегерек да эмес! Бул кандай? – деп шыбырады.*
*– Бул үч бурчтук деген болот! – деп, үч бурчтуу жашыл көйнөк кийген кыз жылмайыңкы жооп берди.*
*– О-о-о-о-о! Эми менин топум үч бурчтуу болобу!*
*– Ооба да! Салам. Менин атым Мона.*
*– Салам, Мона! Менин атым Есаль. Мен Төрт Бурчтуу Өлкөдөн келдим.*

*– Үч Бурчтуу Өлкөгө кош келипсиң, Есаль! Жүрү, мен сага биздин сонун үч бурчтуктубузду көрсөтөм!*

Жамгыр токтоп, экөөсү жетелешип алып чуркап кетишти. Алардын артынан тегерек да тоголонуп ээрчип жөнөдү.



Мона Есальды балдар ойноочу аянтчага жетелеп барды. Жанагы айткан сонун үч бурчтук  деген нерсеси үч бурчтуу үйлөрдүн арасында жайгашкан сыйгаланып ойной турган үч бурчтуу дөбөчө экен.
Есаль менен Мона кечке үч бурчтуу дөбөчөдөн сыйгаланып ойноп жыргашты. Ал эми кечкисин Есаль үч бурчтуу жашыл көйнөкчөн Мона курбусуна мындай деди:

*– Менин Төрт Бурчтуу Өлкөмдө ушундай сыйгаланып ойной турган үч бурчтуу дөбөчө болушун абдан каалайт элем! Мен башка өлкөдөн бурчтары жок тегерек оюнчуктарды көрдүм. Мен ошондой оюнчуктар менен да ойногум келет.*
*– Чын элеби? Алар кандай экен?*
*– Алар бурчу жок болушат экен, элестетсең!*
*– Кандайча? Эч элестете албай жатам.*
*– Мына бул айлана сыяктуу тегерек!*
*– Ай-ийй! Күлкүлүү экен, бурчтары жок үч бурчтукпу?!*
*– Бул үч бурчтук эмес, бул – тегерек.*



*– Аа, түшүндүм. Кел анда, Тегерек Өлкөдөгү оюнчуктарды Төрт Бурчтуу өлкөгө, ал эми Төрт Бурчтуу өлкөдөн Тегерек өлкөгө, Үч бурчтуу өлкөдөн – Төрт Бурчтуу өлкөгө ташыйбыз!*
*– Жарайт! Абдан сонун ой экен! Кел, ошондой кылалы!*

Күүгүм кирип калганына карабай, Мона менен Есаль өлкөлөрдүн ортосунда ары бери чуркап, бир өлкөдөн экинчи өлкөгө оюнчуктарды гана эмес, башка ар кандай буюмдарды да ташый беришти.

Эртеси Төрт Бурчтуу Өлкөнүн жашоочулары Тегерек жана Үч Бурчтуу Өлкөлөргө барышып, ал эми Үч Бурчтуу өлкөнүн тургундары Тегерек жана Төрт Бурчтуу Өлкөлөргө каттап, формалар бири-бири менен жуурулушуп өзгөрүлүп жатты. Аягында, бул өлкөлөрдүн арасындагы чектер такыр жоюлуп, түстөр аралашып, элдер ал жаңы түстөргө жаңы аттарды коюшту. Ошентип, ал жерде – кызгылт, күрөң, ток сары, ток жашыл, көгүш, боз деген түстөр пайда болду!

Бул жаңы пайда болгон өлкөнү көргөн Есаль өзүнүн көк түстүү жана төрт бурчтуу өлкөсүн эстеп кетти, бирок ал аны такыр сагынган жок. Есаль өзүнүн өлкөсүнүн кооз, түркүн түстүү жана кызыктуу болуп калганына абдан кубанып, суктануу менен карап турду. Чеги жок жаңы Өлкө көп жагымдуу сезимдерди, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү, ой-максаттарды жана досторду жаратып жаткандыгы кандай сонун!



АЛТЫН АМАН

Редактор: Эльмира Көчүмкулова / Сүрөтчү: Н.Ни
kgkidsbooks@gmail.com




АЛТЫН АМАН
Сүрөтчү: Н. Ни
kgkidsbooks@gmail.com